Кеңеш айылдык кеңешинин (7-чакырылышы)
кезектеги жыйырма төртүнчү сессиясынын

**ТОКТОМУ № 24-1**

13.01.2024. Куу-майдан айылы.

**Айыл аймагынын айылдык кеңешинин иш-планын бекитүү**

Кеңеш айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2024-жылга карата түзүлгөн иш- планын талкуулап, айылдык кеңештин Регламентинин 2-бөлүмүнүн 2.2-пунктунун 2- пунктчасына, 3-бөлүмүндөгү айылдык кеңештин ишинин жалпы тартибине ылайык Кеңеш айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2024-жылга карата түзүлгөн иш-пландары өзгөртүүлөр, толуктоолор менен кошо кабыл алынып, бекитилсин.(иш-план тиркелет)

2. Иш-планда кабыл алынган маселелер тиешелүү жооптуу адамдар тарабынан өз убагында аткарууга алынсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **О.С.Абдырахманов**

2024-жылдын 13-январындагы кезектеги жыйырма төртүнчү сессиясынын
№ 24-1 -токтомуна тиркеме.

**Кеңеш айылдык кеңешинин 2024-жыл үчүн иш-планы**

| К№ | Каралуучу маселе | Убагы | Иш-чара | Аткаруучу орган | Жооптуу ТК | Элдин түз катышуусу | Чечим |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| I | Кеңеш айылдык кеңешинин 2024-жылга иш планын бекитүү | 1-квартал | - изилдөө<br>- талкуу | айылдык кеңешинин жооптуу катчысы | Шадыбекова А.П. | - | Токтом |
| I | Кеңеш айыл өкмөтүнүн 2024-жылга бюджети жана 2025-2026-жылдарга бюджеттин болжолун бекитүү жөнүндө | 1-квартал | - изилдөө<br>- талкуу | айыл өкмөт башчысы А.Мадраимов | Кубанычбек уулу М<br>Мадраимов А | коомдук талкуу | Токтом |
| I | Кеңеш айыл өкмөтүнүн 2023-жылдагы аткарган иштери боюнча жылдык отчёту | 1-квартал | - талкуу | айыл өкмөт башчысы | Асаналиев П.Ж. | коомдук талкуу жыйын чогулуш | Токтом |
| I | Кеңеш айыл аймагындагы жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2023-жылдагы аткарган иштеринин отчетун угуу жана 2024-жылга карата иш жүргүзүү тартибин бекитүү жөнүндө | 1-квартал | - талкуу | айыл өкмөт башчысы | Кубанычбек уулу М<br>Пирманов С | коомдук талкуу жыйын чогулуш | Токтом |
| I | Кеңеш айыл аймагындагы жашылдандыруу жана көрктөндүрүү иштеринин жүрүшү жөнүндө. | 2-квартал | - талкуу | айыл өкмөт башчысы | Исаев Ж | коомдук талкуу жыйын чогулуш | Токтом |
| I | Айыл өкмөтүнүн тендер боюнча аткарылып жаткан иштери тууралуу. | 2-квартал | - талкуу | айыл өкмөт башчысы | Кубанычбек уулу М<br>Ташполот уулу Б | жыйын чогулуш | Токтом |
| 7 | Кеңеш айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын алты айында | 3-квартал | - талкуу | айыл өкмөт башчысы | Кубанычбек уулу М | жыйын чогулуш | Токтом |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | аткарган иштеринин отчёту жөнүндө. | | | | Мадраимов А | | |
| 8 | Айыл башчылардын айылдардагы аткырылып жаткан иштеринин абалы. | 3-квартал | талкуу | айыл өкмөт башчысы | Асаналиев П.Ж | жыйын чогулуш | Токтом |
| 9 | Кеңеш айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын тогуз айында аткарылган иштер жөнүндө. | 4-квартал | - талкуу | айыл өкмөт башчысы | Кубанычбек уулу М<br>Мадраимов А | коомдук талкуу жыйын чогулуш | Токтом |
| 10 | Элдик Курултайга Кеңеш айыл аймагынан делегаттарды шайлоо боюнча жергиликтүү жамааттардын өкүлчүлүктүү жыйынын өткөрүү жөнүндө | 4-квартал | - талкуу | айылдык кеңеши | Абдырахманов О | коомдук талкуу жыйын чогулуш | Токтом |
| 11 | Кеңеш айыл өкмөтүнүн өнүгүү планына киргизилген маселелердин аткарылышы жөнүндө | 4-квартал | - талкуу | айыл өкмөт башчысы | Асаналиев П.Ж. | коомдук талкуу жыйын чогулуш | Токтом |

Кеңеш айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Шадыбекова А.П.

Кеңеш айылдык  кеңешинин (7-чакырылышы)
кезектеги жыйырма төртүнчү  сессиясынын

**ТОКТОМУ № 24-2**

13.01.2024. Куу-майдан айылы.

**Кеңеш айыл аймагынын жайыт комитетинин 2024-жылга карата бюджетин  бекитип берүү жөнүндө.**

Кеңеш айыл аймагынын жайыт комитетинин 2023-жылга карата түзүлгөн бюджетинин киреше жана чыгыша бөлүктөрүн угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын  «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү»  2021-жылдын  20-октябрындагы № 123- мыйзамынын 3-главасынын  34-беренесинин 2-пунктунун 17-пунктчасына  жана Кыргыз Республикасынын «Жайыттар жөнүндө» мыйзамынын 4-беренесине таянып Кеңеш айыл аймагынын  айылдык кеңеши **токтом кылат**:

1. Кеңеш айыл аймагынын жайыт комитетинин 2024-жылга карата түзүлгөн бюджетинин киреше бөлүгү 400,0 миң сомго, чыгаша бөлүгү 400,0 миң сомго бекитилсин.(тиркеме тиркелет).

2. Малдардын башынан алынуучу саалыктардын баалары төмөндөгүдөй болуп эсептелсин: кара малга бир айга 18 сом, 7 ай сезонго 126 сом;  музоого сезонго 10 сом; жылкыга бир айга 18 сом, 7 ай сезонго 126 сом;  эчкиге бир айга 18 сом, 7 ай сезонго 126 сом;  койго бир айга 10 сом 7 ай сезонго 70 сом;

3. Суулуу бактын 1 сотых жери 25 сом, кайрак бактын 1 сотых жери 17 сом, кайрак чөп чабынды (Ак-терек, Как,Кара-таш) 1 га жери 400 сом,  Шаңкол, Арбын айылдарындагы чөп чабынды катары пайдаланып жаткан жерлерге 1 сотых жери 10 сом; техникадан бир айга 7000 сом, 8 айга 56000 сом  деп белгиленсин.

4. Малдарды жайытка чыгаруунун графиги Ак-терек, Как, Кара-Таш жайыттарына 1-марттан 25-апрелге чейин; Чегеден, Жаман адыр жайытына 30-майга чейин; Кеңой, Котур-Булак, Суу-Дөбө жайыттарына 01-апрелден тартып октябрь айына чейин деп бекитилсин.

5. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы жайыт комитетинин төрагасы жүктөлсүн.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **О.С.Абдырахманов**

2024-жылдын 13-январындагы кезектеги жыйырма төртүнчү сессиясынын
№ 24-2 -токтомуна тиркеме.

Кеңеш айыл аймагындагы ЖПБнин 2024-жылга карата түзүлгөн бюджети.

Киреше булагы.

| № | Кирешенин түрлөрү. | саны | Жайыт акысы сезонго | Жайыт акысы төрт айга | Жалпы сумма (сом) |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кара мал | 950 | | 72 | 68,4 |
| 2 | Торпок | 305 | 10 | | 3,05 |
| 3 | Жылкы | 150 | 126 | | 18,9 |
| 4 | Кой жыл ичинде | 350 | 70 | | 24,5 |
| 5 | Кой төрт айга | 1200 | | 40 | 48,0 |
| 6 | Эчки | 120 | 126 | | 15,1 |
| 7 | Ж.б.кирешелерден бак, чөп чабынды. | | | | 106,3 |
| 8 | техникадан | | 56,0 | | 56,0 |
| 9 | ЗАО Альфа уюлдук телеком | Бир айга | 5,0 | Бир жылга | 60,0 |
| | жалпысы | | | | 400,0 |

Чыгаша булагы.

| № | Чыгашанын түрлөрү | Айына (сом) | Жалпы сумма (сом) |
|---|---|---|---|
| 1 | ЖПБнин төрагасынын эмгек акысы | 10 000 (он айга) | 100,0 |
| 2 | ЖПБнын эсепчисинин эмгек акысы | 9500 (он айга) | 95,0 |
| 3 | соц.казынага төлөмгө | | 34,0 |
| 4 | транспорттук чыгымга | | 18,0 |
| 5 | Сапардама чыгымына | | 5,0 |
| 6 | Түрдүү чыгымдар | | 28,4 |
| 7 | Инфрастуктурага | | 103,9 |
| 8 | Жыйындан алынуучу | | 15,7 |
| 12 | Жалпы чыгым накталай акча | | 400,0 |

Кеңеш айылдык кеңешинин
жооптуу катчысы Шадыбекова А.П

Кеңеш айылдык кеңешинин (7-чакырылышы)
кезектеги жыйырма төртүнчү сессиясынын

**ТОКТОМУ № 24-3**

13.01.2024-жыл. Куу-майдан айылы

**Айыл аймагындагы мүлк салыгын, зоналдык коэффициентин жеңилдик алуучулардын салыгынын жана айыл чарба жерлеринин салык төлөмүнүн базалык өлчөмүн бекитүү тууралуу**

Айыл өкмөтүнүн айыл аймагындагы мүлк салыгын зоналдык коэффициентин, жеңилдик алуучулардын жана айыл чарба жерлеринин салык төлөмүнүн базалык өлчөмүнүн салыгынын суммасын бекитип берүү тууралуу сунушун угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 18-январындагы «КРнын салык кодексин колдонууга киргизүү жөнүндөгү» №4-мыйзамынын 3-беренесинин 2-пунктуна жана Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123- мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2-пунктунун 4-пунктчасына ылайык Кеңеш айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл аймагында зоналдык коэфициент К-1-1,0; К-2 -1,2; К-3 -1,0 өлчөмүндө бекитилсин.

2. Кеңеш айыл өкмөтү боюнча 2024-жылга карата физикалык тараптардан алынуучу тамарка салыгы 943 кожолуктун 172,59 га жер аянтынан 172590 сом өлчөмүндө жеңилдик берилсин.

3. Таштанды ташып чыгаруу жыйымынын ставкасы 100 сом өлчөмүндө бекитилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнө тапшырылсын.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **О.С.Абдырахманов**

Кеңеш айылдык  кеңешинин (7-чакырылышы)
кезектеги жыйырма төртүнчү  сессиясынын

**ТОКТОМУ № 24-4**

13.01.2024. Куу-майдан айылы.

**Айыл өкмөтүнүн жана айылдык кеңештин  штаттык түзүмүн жана штаттык санын бекитүү тууралуу.**

Айыл өкмөтүнүн жана айылдык кеңештин штаттык түзүмүн жана штаттык санын бекитүү тууралуу маселени угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123- мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2-пунктунун 17-пунктчасына  ылайык Кеңеш айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Айыл өкмөтүнүн 2024-жылга карата штаттык түзүмүнүн саны төмөндөгүдөй болуп бекитилсин:: башчы-1, орун басар—1, жооптуу катчы-1,ФЭБнүн башчысы-1, башкы адис-5, жетектөөчү адис-5, адис-2, айыл башчы-7, ВУС-2, кенже тейлөөчү кызматкер-1 жана техникалык тейлөөчү кызматкер -2  болуп бардыгы 28 штаттык саны бекитилсин.

2. Айылдык кеңештин 1 жооптуу катчы штаттык бирдиги бекитилсин.

3. Бекитилген штаттын түзүмүн жана санын сактоо жагы айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция,ишкердик  иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча  туруктуу  комиссиясынын төрагасы  Кубанычбек уулу Мурасбекке  тапшырылсын.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **О.С.Абдырахманов**

Кеңеш айылдык кеңешинин (7-чакырылышы)
кезектеги жыйырма төртүнчү сессиясынын

**ТОКТОМУ № 24-5**

13.01.2024. Куу-майдан айылы.

**Айыл аймагында жайгашкан мектепке чейинки билим берүү мекемелериндеги тарбияланып жаткан балдардын тамак-ашына акча каражатын ажыратып берүү жөнүндө**

Кеңеш айыл аймагына караштуу мектепке чейинки билим берүү мекемелериндеги тарбияланып жаткан балдардын тамак-ашы үчүн жергиликтүү бюджеттен бир бала үчүн бир күнүнө 10 сомдон акча карап берүү тууралуу айыл өкмөтүнүн сунушун угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123- мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2-пунктунун 1-2-пунктчасына жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндөгү 2023-жылдын 11-августундагы №179-мыйзамынын 28-беренесинин 4-пунктунун 2-пункчасына ылайык Кеңеш айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл аймагына караштуу мектепке чейинки билим берүү мекемелериндеги тарбияланып жаткан балдардын тамак-ашы үчүн жергиликтүү бюджеттен бир бала үчүн бир күнүнө 10 сомдон акча каражаты ажыратылып берилсин.

2. Ажыратылган акча каражатын таап каржылоо жагы айыл өкмөтүнө жана ФЭБнө жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу жагы депутаттардын Кеңеш айылдык кеңешинин бюджет,экономика,муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Кубанычбек уулу Мурасбекке тапшырылсын.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **О.С.Абдырахманов**

Кеңеш айылдык кеңешинин (7-чакырылышы)
кезектеги жыйырма төртүнчү сессиясынын

**ТОКТОМУ № 24-6**

13.01.2024. Куу-майдан айылы.

**Кеңеш айыл өкмөтүнүн 2022-жылдагы айылдык бюджетинин аткарылышы, 2024-жылга айылдык бюджети жана 2025-2026-жылдарга бюджеттин болжолун бекитүү жөнүндө.**

Кеңеш айыл өкмөтүнүн 2022-жылга айылдык бюджетинин аткарылышы, 2024-жылга каралган айылдык бюджети жана 2025-2026-жылдарга болжолун бекитүү жөнүндөгү маселени «Кыргыз Республикасынын 2024-жылга республикалык бюджети жана 2025-2026–жылдарга болжолу жөнүндөгү» Мыйзамынын негизинде иштелип чыгылган долбоор тиешелүү мекеме-ишканалардын жетекчилеринин катышуусунда депутаттардын Кеңеш айылдык кеңешинин «бюджет,экономика,муниципалдык менчик айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш” боюнча туруктуу комиссиясы тарабынан каралып чыгылган. Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 339-беренесинин 4-бөлүмүнө жана Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123- мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2-пунктунун 2-пунктчасына жана Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексиинин 78-беренесине ылайык Кеңеш айыл аймагынын айылдык кеңеши **toktom кылат:**

1. 2024-жылга Кеңеш айыл өкмөтүнүн айылдык бюджетинин кирешелери жана чыгашалары 29284,4 миң сом өлчөмүндө долбоору жактырылып, 2024-жылга айылдык бюджеттин кирешелери жана чыгашалары № 1- тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Ноокат районунун Кеңеш айыл өкмөтүнүн 2022-жылдагы айылдык бюджеттин киреше бөлүгү 25669,4 миң сомго, чыгаша бөлүгү 24248,9 мин сомго, кирешенин чыгашадан 1420,5 миң сомго ашыкча аткарылгандыгы № 1, 2 тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Айыл аймагындагы бюджеттик мекеме ишканалардын жылытуу системасынын жаңылангандыгына жана жаңыдан кирген объектилерди эске алып, сатып алган көмүрдүн жалпы көлөмү 357 тоннага бекитилсин.
4. Айылдык бюджеттин чыгаша бөлүгү 2024-жылга түшкөн кирешелердин жана гранттардын чегинде, ошону менен бирге биринчи кезекте корголгон беренелер боюнча (эмгек акы, соц.фондко чегерүү, тамак-аш жана коммуналдык кызматтарга) каржылануусу белгиленсин.
5. Кеңеш айыл өкмөтүнүн 2025-2026-жылдарга айылдык бюджетинин болжолунун

негизги көрсөткүчтөрү № 4,5 тиркемеге ылайык колдоого алынсын. Кирешенин болжолу 2025-жыл 31250,5 миң сомго (республикалык бюджеттен алынуучу гранттар 11662,0 миң сом менен) жана 2026-жылга 33019,5 мин сомго (республикалык бюджеттен алынуучу гранттар 11662,0 миң сом менен) белгиленсин.

5. Кеңеш айыл өкмөтүнүн 2025-2026-жылдарга айылдык бюджетинин негизги көрсөткүчтөрүнүн болжолу жактырылсын, аларды ар бир конкреттүү мезгилде кабыл алууда тактоо жүргүзүү жагы белгиленсин.
6. Балдар бакчаларындагы ата-энелерден түшүүчү взностор, базар бааларынын жогорулагандыгына байланыштуу, 77,5 миң сом акча каражаты кошумча каралып бекитилсин.
7. Атайын каражаттардын кирешесинин сметада бекитилген өлчөмүнөн ашыкча бөлүгү толугу менен айылдык бюджеттик мекеменин каржылоосуна калаары аныкталсын. Айылдык бюджеттик мекемелери казыналыктын регионалдык бөлүмдөрүнөн тышкары, мекеменин кассасы аркылуу атайын каражаттарын чыгымдоого тыюу салынсын.

9. Атайын каражаттар казыналыктан тышкары (бюджеттик мекемелердин кассасы аркылуу) чыгымдалган учурда Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын 2024-жылга республикалык бюджети 2025-2026-жылдарга болжолу жөнүндөгү» Мыйзамынын ылайык бул каражаттын 100 пайыз республикалык бюджетке алынып коюуулары эскертилсин.

10. Айыл өкмөтүнүн башчысы төмөнкүгө укуктуу:

- Ушул токтомдун 1-беренесинде бекитилген суммалардын чегинде, эгер бул айылдык бюджеттин киреше бөлүгүнөн азайтууга алып келбесе ушул токтомдун тиркемелерине өзгөртүүлөрдү киргизүүгө ;
- ченемдик укуктук актылардын өзгөрүүсүнүн негизинде жыл ичинде тактоолорду жүргүзүүгө
- киреше бөлүгүнөн белгиленген пландан ашыкча түшкөн каражаттын эсебинен чыгаша бөлүгүнүн өлчөмүн көбөйтүү жагын кароо;

11. 2024-жылда айылдык бюджеттин киреше бөлүгүнүн пландарынан ашыкча аткарылышынан түшкөн каражаттарды бөлүштүрүү жана өзгөртүү киргизүү айылдык кеңешке ыйгарылсын.

12. Жергиликтүү бюджеттик мекеме-ишканалардын финансалык - экономикалык негиздерин чыңдоо, алардын финансылык мамлекеттик каражаттарды максаттуу, сарамжалдуу пайдалануусун камсыз кылуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы жана финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы тарабынан көзөмөлгө алынсын.

13. Бул токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу жагы депутаттардын Кеңеш айылдык кеңешинин бюджет,экономика,муниципалдык менчик, айыл чарбасы,инвестиция,ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Кубанычбек уулу Мурасбекке тапшырылсын.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **О.С.Абдырахманов**

Депутаттардын Кеңеш айылдык кенешинин
(7-чакырылышы) кезектеги 24-сессиясынын
№ 24-6-токтомуна № 1- тиркеме

**Кенеш айыл өкмөтүнүн 2024--жылга айылдык бюджети (мин сом)**

| | |
|---|---|
| Салык агенти төлөгөн киреше салыгы | 10574,0 |
| Патенттөө негизиндеги салык | 480 |
| Ишкердик иш-аракет жүргүзүү үчүн колдонулган кыймылсыз мүлк салыгы | 93 |
| Жеке адамдардын транспорт каражатына салык | 1100 |
| Физикалык тараптардан алынуучу жер салыгы | 375 |
| Айыл чарба багытындагы жер салыгы | 0 |
| Айыл чарба багытындагы эмес жер салыгы | 200,4 |
| Сатуудан түшкөн салык | 0 |
| Кайра бөлүштүрүү фондунун ижара акысы | 900 |
| Калктуу конуштардан алынуучу ижара акы | 204,0 |
| Муниципалдык менчиктин ижара акысы | 60 |
| Таштанды төлөмү | 261 |
| Кен байлыктарды казуу үчүн лицензия кармоо үчүн акы төлөө | 25 |
| Атайын каражаттар | 2950,0 |
| Жайыт акысы үчүн төлөм | 400 |
| Активдер жана милдеттенмелер | |
| Толуктоочу грант | 11662,0 |
| **Кирешелердин жыйынтыгы** | **29284,4** |
| Жалпы максаттагы мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр айыл өкмөтү | 13436,6 |
| Жалпы максаттагы мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр айылдык кеңеш | 743,2 |
| Коргонуу | 250 |
| Айыл чарбасы | 2122,4 |
| Коммуналдык чарба | 1530,4 |
| Маданият | 2217,5 |
| Билим берүү | 8594,3 |
| Социалдык коргоо | 390 |
| жайыт | 400 |
| **Чыгашалар жыйынтыгы:** | **29284,4** |

Кеңеш айылдык кеңешинин
жооптуу катчысы — Шадыбекова А.П.

Депутаттардын Кеңеш айылдык кенешинин (7-чакырылышы) кезектеги 24-сессиясынын № 24-6- токтомуна № 2 – тиркеме.

**Кеңеш айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин киреше булагынын 2022-жылда аткарылышы**

| № | Кирешелердинтурлору | 2021-жыл | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Бекитилген план | Такталган план | Аткарылышы | % |
| 1 | Салык агенти төлөгөн киреше салыгы | 4756,0 | 8124,8 | 8292,6 | 102,1 |
| 2 | Милдеттүү патенттөө негизиндеги салык | 22,6 | 2,3 | 0 | 0 |
| 3 | Ыктыярдуу негиздеги патенттөө салыгы | 400 | 150,0 | 179 | 119,3 |
| 4 | Ишкердик иш-аракет жүргүзүү үчүн колдонулган кыймылсыз мүлк салыгы | 45 | 85 | 97,5 | 114,7 |
| 5 | Жеке адамдардын транспорт каражатына салык | 950 | 950 | 1128,8 | 118,8 |
| 6 | Физикалык тараптардан алынуучу жер салыгы | 365 | 365 | 381,3 | 104,5 |
| 7 | Айыл чарба багытындагы жер салыгы | 750,1 | 23,4 | 113,0 | 482,9 |
| 8 | Айыл чарба багытындагы эмес жер салыгы | 150.4 | 200.4 | 237,8 | 118,7 |
| 9 | Сатуудан түшкөн салык | | | | |
| 10 | Кайра бөлүштүрүү фондунун ижара акысы | 500 | 500 | 501 | 100,2 |
| 11 | Таштанды төлөмү | 259 | 259 | 265,0 | 102,3 |
| 16 | Калктуу конуштардын ижара акысы | 164 | 364 | 516,0 | 141,8 |
| 17 | Атайын каражаттар | 1934.8 | 2738,3 | 2613,7 | 95,4 |
| 18 | Жайыт төлөмү | 300.0 | 300 | 293,4 | 97,8 |
| 19 | Толуктоочу грант | 6199,0 | 6199 | 6199 | 100,0 |
| 20 | Республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджетти каржылоо | - | 4255 | 4255 | 100 |
| | | | | | |
| 7 | **Жалпысы :** | **16883,1** | **25126,5** | **25669,4** | **102,2** |

Кеңеш айылдык кеңешинин
жооптуу катчысы Шадыбекова А.П

Депутаттардын Кеңеш айылдык кенешинин (7-чакырылышы) кезектеги 24-сессиясынын
№ 24-6 -токтомуна № 3- тиркеме

**Кеңеш айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин чыгаша булагынын 2022 – жылда аткарылышы**

| № | Аталышы | Бекитилген план | Такталган план | Аткарылышы (кассалык чыгаша) | Айырмасы | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | Бекитилген план | такталган план |
| 1 | Башкаруу аппараты | 6989,5 | 10163,2 | 9685,0 | -2695,5 | 478,2 |
| 2 | Коргонуу | 100,0 | 300,0 | 200,0 | 100 | -100 |
| 3 | жайыт | 300 | 300 | 293,4 | -6,6 | -6,6 |
| 4 | Айыл чарбасы | 1261,1 | 1581,3 | 1516,2 | 255,1 | -65,1 |
| 5 | Коммуналдык чарба | 689,3 | 1909,5 | 1890,3 | 1201 | -19,2 |
| 6 | Маданият | 1153,4 | 1805,0 | 1699,3 | 545,9 | -105,7 |
| 7 | Бала бакча | 3669,8 | 4611,5 | 4302,2 | 632,4 | -309,3 |
| 8 | Мектеп | 987,4 | 1610,9 | 1402,0 | 414,6 | -208,9 |
| 9 | Соц.коргоо | 338 | 438 | 431,5 | 98,5 | -6,5 |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | **Жалпысы :** | **16883,1** | **27683,6** | **24248,9** | **7365,8** | **-3434,7** |

Кеңеш айылдык кеңешинин
жооптуу катчысы — Шадыбекова А.П

Депутаттардын Кеңеш айылдык кенешинин (7-чакырылышы) кезектеги 24-сессиясынын
№ 24-6- токтомуна № 4 тиркеме

**Кеңеш өкмөтүнүн 2025-жылга айылдык бюджетинин болжолу**

**(мин сом)**

| | |
|---|---|
| Салык агенти төлөгөн киреше салыгы | 11790 |
| Патенттөө негизиндеги салык | 480 |
| Ишкердик иш-аракет жүргүзүү үчүн колдонулган кыймылсыз мүлк салыгы | 93 |
| Жеке адамдардын транспорт каражатына салык | 1100 |
| Физикалык тараптардан алынуучу жер салыгы | 375 |
| Айыл чарба багытындагы жер салыгы | 750,1 |
| Айыл чарба багытындагы эмес жер салыгы | 200,4 |
| Калктуу конуштардан алынуучу ижара акы | 204 |
| Жайыт акысы үчүн төлөм | 400 |
| Кайра бөлүштүрүү фондунун ижара акысы | 900 |
| Таштанды төлөмү | 261 |
| Кен байлыктарды казуу үчүн лицензия кармоо үчүн акы төлөө | 25 |
| Атайын каражаттар | 2950 |
| Муниципалдык менчиктин ижара акысы | 60 |
| Толуктоочу грант | 11662 |
| **Кирешелердин жыйынтыгы** | **31250,5** |
| Жалпы максаттагы мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр айыл өкмөтү | 13456,6 |
| Жалпы максаттагы мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр айылдык кеңеш | 703,7 |
| коргонуу | 250 |
| Айыл чарбачы | 1822,3 |
| Коммуналдык чарба | 1780,4 |
| Маданият | 2193,6 |
| Билим берүү | 10254,0 |
| Социалдык коргоо | 390 |
| жайыт | 400 |
| **Чыгашалар жыйынтыгы:** | **31250,5** |

Кеңеш айылдык кеңешинин
жооптуу катчысы Шадыбекова А.П

Депутаттардын Кеңеш айылдык кенешинин (7-чакырылышы) кезектеги 24-сессиясынын
№ 24-6- токтомуна № 5 тиркеме

**Кеңеш өкмөтүнүн 2026-жылга айылдык бюджетинин болжолу (мин сом)**

| | |
|---|---|
| Салык агенти төлөгөн киреше салыгы | 13559,0 |
| Патенттөө негизиндеги салык | 480 |
| Ишкердик иш-аракет жүргүзүү үчүн колдонулган кыймылсыз мүлк салыгы | 93 |
| Жеке адамдардын транспорт каражатына салык | 1100 |
| Физикалык тараптардан алынуучу жер салыгы | 375 |
| Айыл чарба багытындагы жер салыгы | 750,1 |
| Айыл чарба багытындагы эмес жер салыгы | 200,4 |
| Калктуу конуштардан алынуучу ижара акы | 204 |
| Жайыт акысы үчүн төлөм | 400 |
| Кайра бөлүштүрүү фондунун ижара акысы | 900 |
| Таштанды төлөмү | 261 |
| Кен байлыктарды казуу үчүн лицензия кармоо үчүн акы төлөө | 25 |
| Атайын каражаттар | 2950,0 |
| Муниципалдык менчиктин ижара акысы | 60 |
| Толуктоочу грант | 11662 |
| **Кирешелердинжыйынтыгы** | **33019,5** |
| Жалпы максаттагы мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр айыл өкмөтү | 13474,6 |
| Жалпы максаттагы мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр айылдык кеңеш | 703,7 |
| коргонуу | 250 |
| Айыл чарбачы | 2348,3 |
| Коммуналдык чарба | 2490,9 |
| Маданият | 2435,8 |
| Билим берүү | 10466,3 |
| Социалдык коргоо | 450 |
| жайыт | 400 |
| **Чыгашалар жыйынтыгы:** | **33019,5** |

Кеңеш айылдык кеңешинин
жооптуу катчысы Шадыбекова А.П

Кеңеш айылдык кеңешинин (7-чакырылышы)
кезектеги жыйырма төртүнчү сессиясынын

**ТОКТОМУ № 24-7**

13.01.2024-жыл. Куу-майдан айылы

**Кеңеш айыл өкмөтүнүн жер фондун инвентаризациялоо жумуштарына корректировка жүргүзүү боюнча даярдалган материалдарды бекитүү боюнча 2023-жылдын 12-декабрындагы №75-токтомун бекитип берүү.**

Кеңеш айыл өкмөтүнүн жер фондун инвентаризациялоо жумуштарына корректировка жүргүзүү боюнча даярдалган материалдарды бекитүү боюнча 2023-жылдын 12-декабрындагы №75-токтомун бекитип берүү сураныч катын угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасы-нын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123-мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2-пунктунун 4-пунктчасына ылайык Кеңеш айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл өкмөтүнүн жер фондун инвентаризациялоо жумуштарына корректировка жүргүзүү боюнча даярдалган материалдарды бекитүү боюнча 2023-жылдын 12-декабрындагы №75-токтому бекитилип берилсин.

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин жер, суу чарба, жана жаратылышты коргоо, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, таранспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Нурматов Орозмаматка тапшырылсын.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **О.С.Абдырахманов**

Кеңеш айылдык  кеңешинин (7-чакырылышы)
кезектеги жыйырма төртүнчү  сессиясынын

**ТОКТОМУ № 24-8**

13.01.2024-жыл. Куу-майдан айылы

**Мамлекеттик фондунун мөөнөтү бүткөн жерлерин аукцион аркылуу берүүгө макулдук берүү жана ижарага берилип жаткан жерлердин баштапкы баасын 20 пайызга көтөрүп берүү тууралуу.**

Мамлекеттик фондунун мөөнөтү бүткөн жерлерин аукцион аркылуу берүүгө макулдук берүү жана ижарага берилип жаткан жерлердин баштапкы берилип жаткан баасына 20 пайыз кошуу менен аукциондун жүрүшүндө старттык баа берүү тууралуу суранган катын угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123- мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2-пунктунун 5-пунктчасына ылайык Кеңеш айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Мамлекеттик фондунун мөөнөтү бүткөн жерлерин аукцион аркылуу берүүгө макулдук берилсин жана ижарага берилип жаткан жерлердин баштапкы берилип жаткан баасына 20 пайыз кошуу менен аукциондун жүрүшүндө старттык баа деп белгиленсин.

2. Социалдык багыттагы субъектилерге, жакыр үй-бүлөлөргө жана жарандарга ижарага бериле турган айыл чарба жерлеринин 20 пайыздан ашпаган жерин түз берүү жолу менен берүүгө макулдук берилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин жер, суу чарба, жана жаратылышты коргоо, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, таранспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Нурматов Орозмаматка тапшырылсын.

**Кеңеш айылдык**
**Кеңешинин төрагасы** **О.С.Абдырахманов**

Кеңеш айылдык  кеңешинин (7-чакырылышы)
кезектеги жыйырма төртүнчү  сессиясынын

**ТОКТОМУ № 24-9**

13.01.2024-жыл.                                                        Куу-майдан айылы

**Ак-терек айылында жайгашкан  көрүстөнгө баруучу жолду оңдоп түзөөгө макулдук берүү тууралуу**

Ак-терек айылынын айыл башчысынын  Ак-терек айылындагы № 48-контурда жайгашкан көрүстөнгө баруучу жол жаан-чачындан, селден өтө жараксыз абалда калып кеткен, ошол жолду кеңейтип, оңдоп түзөөгө макулдук берүүнү  суранып жазган сураныч катын угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын  «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123- мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2-пунктунун 1-пунктчасына ылайык  Кеңеш айыл аймагынын  айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Ак-терек айылында жайгашкан  көрүстөнгө баруучу жолду оңдоп түзөөгө макулдук берилсин.

2. Мыйзамдуулугун карап, аткарууга алуу жагы айыл башчыга тапшырылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө  жагы айылдык кеңештин жер, суу чарба, жана жаратылышты коргоо,  мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана  кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, таранспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Нурматов Орозмаматка жүктөлсүн.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы**                                                        **О.С.Абдырахманов**

Кеңеш айылдык кеңешинин (7-чакырылышы)
кезексиз жыйырма бешинчи сессиясынын

**ТОКТОМУ № 25-1**

16.02.2024. Куу-майдан айылы.

**Айыл өкмөтүнүн 2023-жылдагы жергиликтүү бюджетинин ашкан калдыгын 2024-жылга карата бөлүштүрүү тууралуу**

2023-жылдагы жергиликтүү бюджетинин ашкан калдыгын 2024-жылга карата бөлүштүрүү тууралуу ФЭБнүн башчысынын жана «бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш" боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Кубанычбек уулу Мурасбектин билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексинин 8-главанын 44-беренесинин 4-пунктуна жана 16-главасынын 78-беренесинин 2,3-пункттарына жана Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123- мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2-пунктунун 2-пунктчасына ылайык Кеңеш айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Айыл өкмөтүнүн 2023-жылдагы жергиликтүү бюджетинин ашкан 3812,3 миң сом акча калдыгын 2024-жылга карата 1-тиркемеге ылайык бөлүштүрүлүп бекитилсин.(тиркеме тиркелет)

2. Бөлүнгөн акчаны каржылоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысына жана ФЭБнүн башчысына милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин «бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш" боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Кубанычбек уулу Мурасбекке тапшырылсын.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **О.С. Абдырахманов**

Кеңеш айылдык кеңешинин (7-чакырылышы) кезексиз 25-сессиясынын № 25-1-токтомуна 1- тиркеме.

Айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын бюджетине 2023-жылдан калган калдыктын бөлүнүшү.

| к№ | Аталыштары | Сумма (миң сом) |
|---|---|---|
| | **Жыл башында калган бюджеттик калдык** | **3812,3** |
| | | |
| 1 | Оргтехникалардын ремонту үчүн | 20 |
| 2 | Ак-терек айылындагы флагштоктун айланасын ремонттоого | 18,5 |
| 3 | Арбын айылынын спорт залына | 633,3 |
| 4 | Байыш айылындагы насостун ремонтуна | 140 |
| 5 | Типографиялык иштердин карызына | 10 |
| 6 | Айыл окмотунун аймагын иретке келтирууго | 35 |
| 7 | Ноокат архитектуралык иштер учун карыз | 49,5 |
| 8 | б.б.нын кошумча иштерине | 531,9 |
| 9 | ОсОО Экшн строй сервис ишканасына Акчабы о.м. алдындагы кичи футболдук аянтчанын курулуш иштерине | 34,6 |
| 10 | ЧП Нурдинов баннер-лозунгдар үчүн карызга | 8 |
| | **жыйынтыгы** | **1480,8** |
| 11 | Камсыздандырууга | 130 |
| 12 | Айыл аймагындагы айылдарга ген план түзүүгө | 150 |
| 13 | Архивдик кабинетке сигнализация коюууга | 50 |
| 14 | Мугалимдерди колдоого | 20 |
| 15 | Чарба китеп алууга | 57 |
| 16 | Тажик–Афган чек арасында кызмат кылгандарды колдоого | 12 |
| 17 | Боди көзөмөлгө | 160 |
| 18 | Компьютерге жабдууларды алууга | 50 |
| 19 | Проектор доска алууга | 59,5 |
| 20 | Айыл аймагындагы социалдык объектилерди таза суу менен камсыздоого | 150 |
| 21 | “Ак-жүрөк” кризистик борборун колдоого алуу үчүн | 5 |
| 22 | Ашимов Муратка колдоо көрсөтүү үчүн | 5 |
| 23 | Соц.контрак алгандарды кыдырууга | 5 |
| | **жыйынтыгы** | **853,5** |
| | | |
| | **Дары-Булак айылына** | |
| 24 | Т.Сулайманов көчөсүнө асфальт төшөө үчүн өнүтүрүү фондунун долбooруна өздүк салым үчүн | 208 |
| | **жыйынтыгы** | **208** |
| | **Шаңкол айылы боюнча** | |
| 25 | Ички көчөлөрго кум-шагал төшөгө(Матисаков, Ибраим ажы, Орозов көчөлөрүнө) | 168 |
| | **жыйынтыгы** | **168** |
| | **Батуу, Арбын айылдары боюнча** | |
| 26 | К.Аматов көчөсүнө эл.мамычаларын алууга | 110 |
| 27 | Ички А.Осмонов, К.Аматов көчөлөрүнө азбес труба алууга | 58 |
| 28 | Арбын орто мектебине кум (шебен) түшүрүүгө | 14 |
| 29 | К.Аматов көчөсүнө асфальт төшөө үчүн кум-шагалга | 91 |
| 30 | КБФнун жерине баруучу арыкты техника менен тазалоо | 22,5 |
| 31 | Арбын ФАПка баруучу жолго кум-шагал төшөөгө | 40,5 |

| | | |
|---|---|---|
| 32 | Жеткинчек-Кеңеш бала бакчасына күзөт камера коюууга | 40 |
| | **жыйынтыгы** | **376** |
| | **Ак-терек айылы боюнча** | |
| 33 | Ак-терек башталгыч мектебине ашкана куруугa | 350 |
| | **жыйынтыгы** | **350** |
| | **Байыш-Чегеден айылдары боюнча** | |
| 34 | Ички арыктарлы чабууга | 50 |
| 35 | Ш.Мадраимов, Кара-Шоро көчөлөрүнө электр мамычаларын алууга | 63 |
| 36 | Ш.Мадраимов көчөсүнө траус тартууга | 10 |
| | Жүктү көчөсүндөгү арыктын жээгине бетон коюуу | 65 |
| | **жыйынтыгы** | **188** |
| | **Куу-Майдан айылы боюнча** | |
| 37 | Эки тал жаңы конушуна таза сууга | 33 |
| 38 | КБФнун жерине баруучу арыкты оңдоп түзөөгө | 20 |
| 39 | Куу-майдан айылындагы суу насосту оңдоп түзөөгө | 58 |
| 40 | Тиш дарылоо каанасын ремонттоого | 57 |
| 41 | Шералиев Маткасым-ата көчөсүнө латок орнотуугa (кум ж.б. үчүн) | 20 |
| | **жыйынтыгы** | **188** |
| | **бардыгы каралган бюджет** | **3812,3** |

Кеңеш айылдык кеңешинин
төрагасы Абдырахманов О.С.

бюджет боюнча туруктуу
комиссиянын төрагасы Кубанычбек уулу М

Кеңеш айылдык кеңешинин (7-чакырылышы)
кезексиз жыйырма бешинчи сессиясынын

**ТОКТОМУ № 25-2**

16.02.2024. Куу-майдан айылы.

**Айыл өкмөтүнүн жер комиссиясынын курамын бекитип берүү жөнүндө.**

Айыл өкмөтүнүн алдында 2024-жылдын 10-январында № 01-токтому менен түзүлгөн жер комиссиясынын курамын талкуулап, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123- мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2-пунктунун 1-пунктчасына жана Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу типтүү жобонун 3-бөлүмүнүн 22-пунктуна ылайык Кеңеш айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн жер комиссиясынын төмөндөгүдөй курамы бекитилип берилсин:

   Анарбек уулу Ырысбек-айылдык кеңештин депутаты, жер комиссиясынын төрагасы
   Абдырахманова Зулфия-айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы, комиссиянын катчысы

   Мүчөлөрү

   Исаев Жеңишбек-айыл өкмөтүнүн башчынын орун басары
   Ибирайым уулу Канатбек-жер маселелери боюнча жетектөөчү адис
   Жамгырчыев Абдыкадыр-Дары-Булак айылынын айыл башчысы
   Калдаров Азатбек-айылдык кеңештин депутаты
   Абдүрөшүт уулу Ысмайыл-Батуу айылынын айыл башчысы
   Мадираимов Замирбек-Куу-Майдан айылынын айыл башчысы
   Карыбеков Нурлан –Ак-терек айылынын айыл башчысы
   Мансуров Кыялбек-айылдык кеңештин депутаты
   Осмонов Муктарбек-башкы адис юрист
   Ташполот уулу Бексултан-башкы адис
   Анарбаев Бейшенали-Арбын айылынын айыл башчысы.

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин жер, суу чарба, жана жаратылышты коргоо, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, таранспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Нурматов Орозмаматка тапшырылсын.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **О.С.Абдырахманов**

Кеңеш айылдык кеңешинин (7-чакырылышы)
кезексиз жыйырма бешинчи сессиясынын

**ТОКТОМУ № 25-3**

16.02.2024. Куу-майдан айылы.

**Кеңеш айыл аймагынын Дары-Булак айылындагы өз ара жардамдашуу тобун жана алардын Жобосун бекитүү жөнүндө.**

Кеңеш айыл өкмөтү бир канча жылдардан бери Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция мнистрлиги тарабынан каржыланган «Чексиз мүмкүнчүлүктөр» долбоорунун алкагында Ош шаарындагы «Нур заман» өзгөчө балдардын ата-энелеринен түзүлгөн Коомдук Бирикмеси менен 2023-2024жж түзүлгөн жана кол коюлган кызматташуу келишиминин негизинде улгайган жарандарга жана майыптыгы бар адамдарга жеткиликтүү жумуш орунду тузүүнү камсыздоо жана колдоо, иш ордун түзүү боюнча кызматташып иштеп келе жаткан аялдардан түзүлгөн өз ара жардамдашуу тобу жана Жобосу жөнүндө айыл өкмөтүнүн билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123- мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2-пунктунун 1-пунктчасына ылайык Кеңеш айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу Дары -Булак айылындагы **«Оомат»,** аталыштагы түзүлгөн өз ара жардамдашуу топтору аркылуу кичи ишмердүүлүктү жүргүзүү, жардамдашуу топторунун мүчөсү катары иш орунга ээ болуу жана ушул өз ара жардамдашуу тобунун мүчөлөрү тарабынан жалпы иштеп чыккан Жобосу бекитилсин. (жобо тиркелет)

2.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин социалдык маселелер, маданият, билим берүү, саламаттыкты сактоо, жаштар, спорт, регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Орозмамат кызы Айганышка тапшырылсын.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **О.С. Абдырахманов**

Кеңеш айылдык кеңешинин (7-чакырылышы) кезексиз
25-сессиясынын № 25-3-токтомуна тиркеме.

**«Оомат» өз ара жардамдашуу тобу (ӨЖТ)нун Жобосу**

1.ТОПТУН ДАРЕГИ: Кеңеш айыл өкмөтү, Дары –Булак айылы
2.ТОПТУН АТАЛЫШЫ: «Оомат» өз-ара жардамдашуу тобу.
3.ТОПТУН МАКСАТЫ: иш орун менен камсыз болуу, кыйынчылык абалдан чыгуу, калктын аярлуу топторун колдоо жана топтун мүчөлөрүнүн жашоо шартын жакшыртуу.
-жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары менен инклюзивдик кызматташууну өнүктүрүү
-топтун мүчөлөрүнүн ишмердүүлүк мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатуу
-ӨЖТко зарыл болгон өндүрүштүк жана социлдык маселелерди алдыга жылдырууга көмөктөшүү
4.ТОПТУН МҮЧӨЛӨРҮНҮН УКУГУ:
-Топтун ар бир мүчөсү өз оюун эркин айтууга,сунушун киргизүүгө укуктуу;
-Топтун жетекчилигине,казыначылыгына,катчысына шайланууга жана шайлоого укуктуу;
-Топтун ортолук фонддун акчасын пайдаланууга укуктуу;
-Топтун активдүү мүчөсү болууга укуктуу
5.ТОПТУН МҮЧӨЛӨРҮНҮН МИЛДЕТТЕРИ:
-Топтун жобосунда көрсөтүлгөн эрежелерди сактоого;
-Долбоордун алкагында өткөрүлгөн окутууларга катышууга;
-Ай-сайын өткөрүлүүчү ӨЖТнын чогулуштарына катышууга;
-Долбоордун алкагында өткөрүлгөн окутууларга катышууга;
-ӨЖТнун экономикалык ишмердүүлүгүнө ак ниеттүү катышууга;
-ӨЖТнун уюштурган иш-чараларына катышууга;
-Топтун ортолук фондунун пайдаланууга алган акчаларын иштеткенден кийин өз убагында кайтарууга;
- Топтун ортолук фондун көбөйтүүнүн жолдорун издөөгө;
-Топтун мүчөлөрүнүң социалдык-экономикалык абалын өнүктүрүүгө;
-Сырттан алып келинген жардамды максаттуу пайдаланууга жана андан пайда болгон кирешеден 30 пайызын ӨЖТтун өнүгүү фондуна өз убагында коюууга милдеттүү.
6.ӨЖТтун ЧОГУЛУШТАРЫН ӨТКӨРҮҮ ТАРТИБИ:
-Топтун чогулуштарын ар айдын 10 числосунда өткөрүү
-Чогулуштарды топтун мүчөлөрүнүн үйлөрүндө кезеги менен маакулдашуусу менен өткөрүү
-Чогулушту топтун жетекчиси алдын ала даярдалган күн тартиби боюнча өткөрөт
-Чогулуштун токтому жазылат
-Топтун ар бир мүчөсү токтомго кол коет.
7.ОРТОЛУК (САКТЫК) ФОНДУ ТОПТОО ЖАНА ПАЙДАЛАНУУ ЭРЕЖЕЛЕРИ:
-Ортолук фондуна ай сайын 100 сомдон топтолот.
-Акчаны ар бир айдын 10 числосунда саат 17 дө топтун кассирине берилет жана топтун казнасына топтолот.
-Казыначы ӨЖТнун Ортолук фондун түзүп, андагы финансалык каражатты ар айдын 10 числосунда тапшырат.
-ар бир кечиктирилген күнгө алынган суммадан 1 % пеня кошулат.
8.ӨЖТнын БАШКАРУУ ОРГАНЫ:
ӨЖТнун жетекчисинин/лидеринин милдеттери:
-Ар ай сайын кезектүү чогулуштарды, керектүү учурда кезексиз чогулуштарды өткөрүү;

-ӨЖТнун чогулуштарынын күн тартибин даярдоо;
-Ортолук фондунун топтолушун жана ӨЖТнун орто фондун казначейге өткөрүлүп берүүсүн көзөмөлдөө;
-Топтун ишмердүүлүгүн жана коюлган максаттарга жетүүсүн көзөмөлдөө;
-Топтун Жобосунун аткарылышын көзөмөлдөө;
-Топтун ар бир мүчөсүнүн талкууларга ,чечим кабыл алуга чогуу иштөөгө катышуусуна шарт түзүү;
-Топко жаны ойлорду сунуштоо жана топтун башка мүчөлөрүн да жаңы ойлорду сунуштоого үндөө;
-Жалпы топтун жана жеке мүчөлөрүнүн жумушу тууралуу отчет берүү;
-Коомдук иш-чараларда,шериктештердин, АӨнүн жана коомчулуктун алдында топтун атынан жооптуу болуу.

ӨЖТнун казыначысынын милдеттери:

-Топтун акча каражаттарын эсебин жүргүзүү, ортолук фондун, мүчөлүк акынын,ички насыялардын жана орто фондун кайтарымдуу каражаттарынын эсебин алуу;
-Топтун мүчөлөрүнө жалпы каражаттар тууралуу маалыматты үзгүлтүксүз берип туруу;
-Топтун ар бир чогулушунда бардык чыгашалар жөнүндө жана учурдагы баланс тууралуу маалымат берип туруу;
-Ички насыялардын эсебин жүргүзүү, канча насыя берилди,кимге берилди,канча мөөнөткө берилди.

ӨЖТнун кассирнин милдеттери:

-ӨЖТнун мүчолөрүнүн акча каражаттарын тактоо, эсебин алуу, түшкөн пайданын 30% ортолук каражатка жана калган бөлүгүн эмгек акыга бөлүштүрүү
-Акча каражатын сактоо жана берүү
-Казначыга отчет берүү

1.АЙЫПТАР;

-ӨЖТнун чогулушуна катышпагандыгы үчүн 20 сом айып төлөө,чогулушка кечиксе,ар бир күнүнө 5 сом төлөө.

2.ӨЖТна мүчө болуу жана мүчөлүктөн чыгуу:

-Жаны мүчө топтун чогулушунда өз арызынын негизинде кабыл алынат;
-ӨЖТуна кирип жаткан жаны мүчө 200 сом мүчөлүк акы төлөйт;
-Топтун мүчөлүгүнөн чыгуу мүчөнүн өз арызынын негизинде жалпы чогулушта чыгарылат;
-Топтун мүчөлөрүнүн жалпы саны 7-10 адамдан көп болбошу керек.

ӨЖТун жоюуу:

-ӨЖТнун жалпы чогулушунун чечими менен жоюлат.
-Кызматташтардын,донорлордун,спонсорлордун талаптарын аткаргандан кийин гана ӨЖТун жоюууга болот.
-Ортолук фондго кошкон салымдарына жараша дивиденд менен бөлүнүп берилет.

ЖОБО «Оомат» ӨЖТнун МҮЧӨЛӨРҮ ТАРАБЫНАН ИШТЕЛИП ЧЫКТЫ.

Кеңеш айылдык кеңешинин (7-чакырылышы)
кезексиз жыйырма бешинчи сессиясынын

**ТОКТОМУ № 25-4**

16.02.2024. Куу-майдан айылы.

**Дары-Булак айылындагы Т.Сулайманов атындагы көчөнү асфальтоо үчүн долбоорго өздүк салым үчүн акча каражатын бөлүп берүү тууралуу**

Ош облусттук өнүктүрүү фондунун эсебинен каржылоо долбооруна жөнөтүлгөн Дары-Булак айылындагы Т.Сулайманов атындагы көчөнү 1200 метр аралыгын асфальтоо үчүн долбоордун өздүк салымы үчүн акча каражатын ажыратып берүү тууралуу долбоордун жетекчисинин сунушун угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123- мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2-пунктунун 1чи, 2-пунктчасына ылайык Кеңеш айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Дары-Булак айылындагы Т.Сулайманов атындагы көчөнүн 1200 метр аралыгын асфальтоо боюнча долбоордун өздүк салымы үчүн айыл өкмөтүнүн бюджетинен 400239(төрт жүз миң эки жүз отуз тогуз) сом, демөорчүлөрдүн салымынан 2 млн.сом сом акча каражаты каржыланып берилсин.

2. Долбоордун сметалык наркынын калган 6000.000 (алты миллион) сом акча каражаты Ош областтык өнүктүрүү фондунан суралсын.

3. Өздүк салым үчүн керектелүүчү акча каражатын таап берүү жагы ФЭБнүн башчысы А.Мадраимовко милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Кубанычбек уулу Мурасбекке тапшырылсын.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **О.С.Абдырахманов**

Кеңеш айылдык кеңешинин (7-чакырылышы)
кезексиз жыйырма бешинчи сессиясынын

**ТОКТОМУ № 25-5**

16.02.2024. Куу-майдан айылы.

**«Бөрү» баатырдын мемориальдык комплексин куруугa жана Жашылдандырууга жер ажыратып берүүгө макулдук берүү тууралуу**

Кеңеш айыл аймагынын тургуну Алишеров Шералинин «Бөрү» баатырдын мемориальдык комплексин курууга жана ошол жерди жашылдандырууга жер ажыратып берүү тууралуу жазган арызын угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123- мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2-пунктунун 1-пунктчасына ылайык Кеңеш айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.«Бөрү» баатырдын мемориальдык комплексин курууга жана ошол жерди жашылдандырууга Ак-терек айылындагы кайрак жерден 1 га жер ажыратып берүүгө макулдук берилсин.

2.Жерди тактап, мыйзамдуулугун карап чечип берүү жагы айыл өкмөтүнө тапшырылсын.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин жер, суу чарба, жана жаратылышты коргоо, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, таранспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Нурматов Орозмаматка тапшырылсын.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **О.С.Абдырахманов**

Кеңеш айылдык  кеңешинин (7-чакырылышы)
кезексиз жыйырма алтынчы  сессиясынын

**ТОКТОМУ № 26-1**

19.04.2024. Куу-майдан айылы.

**Кеңеш айыл амагынын 2012-жылдагы  административдик чек арасынын схемалык картасы жана ага тиркелген чек ара баяндамасына өзгөрүүсүз калуусуна макулдук берүү тууралуу**

Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформаны жүргүзүүнүн алкагында Ош облусунун  Ноокат районунун Кеңеш айыл аймагынын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин “Кыргызмамжердолбоор” мамлекеттик ишканасы тарабынан 2012-жылы түзүлгөн Кеңеш айыл аймагынын административдик чек арасынын схемалык картасын карап чыгып, жана талкуулап Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү»  2021-жылдын  20-октябрындагы № 123- мыйзамынын  3-главасынын  34-беренесинин  2-пунктунун 7-пунктчасына  ылайык  Кеңеш  айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл амагынын 2012-жылдагы административдик чек арасынын схемалык картасы жана ага тиркелген чек ара баяндамасынын өзгөрүүсүз калуусуна макулдук берилсин.

2. Кеңеш айылдык кеңешинин төрагасына жана Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысына Схемалык картага кол коюу тапшырылсын.

3. Депутаттардын берген сунуш-талаптары чек араны кайра тактоодо эске алынсын.

4. Бул токтомдун көчүрмөсү  Ноокат райондук  мамлекеттик администрациясына жөнөтүлсүн.

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **О.С.Абдырахманов**

Кеңеш айылдык кеңешинин (7-чакырылышы)
кезексиз жыйырма жетинчи сессиясынын

**ТОКТОМУ № 27-1**

21.05.2024. Куу-майдан айылы.

**Кеңеш айыл аймагына караштуу Ак-терек айылындагы айыл чарбасына тиешелүү жер участогун Мамлекеттик салык кызматынын Ноокат райондук башкармалыгына убактылуу салык постторун уюштуруусуна берүүгө макулдук берүү жөнүндө.**

Кеңеш айыл аймагына караштуу Ак-терек айылындагы Ош-Ноокат автожолунун жээгиндеги айыл чарбасына тиешелүү жер участогун Мамлекеттик салык кызматынын Ноокат райондук башкармалыгынын убактылуу салык постторун уюштуруусуна берүүгө макулдук берүү тууралуу Кеңеш айыл өкмөтүнүн сунуш катын угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123- мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2-пунктунун 1-пунктчасына ылайык, Кеңеш айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл аймагынын Ак-терек айылындагы № 167,200,201а контурларындагы 0,31 га жер аянтын 3 жылдык мөөнөт менен Мамлекеттик салык кызматынын Ноокат райондук башкармалыгынын ички убактылуу салык постторун уюштуруусуна берүүгө макулдук берилсин.

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин жер, суу чарба, жана жаратылышты коргоо, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, таранспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Нурматов Орозмаматка жүктөлсүн.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **О.С.Абдырахманов.**

Кеңеш айылдык кеңешинин (7-чакырылышы)
кезексиз жыйырма жетинчи сессиясынын

**ТОКТОМУ № 27-2**

21.05.2024. Куу-майдан айылы.

**Айыл аймагындагы Айыл чарба департаментине өткөрүлүп берилген айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерине ижара салыкгын базалык өлчөмүн бекитип берүү тууралуу**

Айыл өкмөтүнүн айыл аймагындагы айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерине ижара салыкгын базалык өлчөмүн бекитип берүү тууралуу сунушун угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин 2022-жылдын 19-сентябрындагы № 329-НИ буйругунун жана Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123- мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2-пунктунун 4-пунктчасына ылайык Кеңеш айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл аймагындагы Айыл чарба департаментине өткөрүлүп берилген айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерине ижара салыкгын базалык өлчөмүнүн коэфициенти К 10 дон 30 га чейинки өлчөмүндө белгиленсин.

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнө тапшырылсын.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **О.С.Абдырахманов**

Кеңеш айылдык кеңешинин (7-чакырылышы)
кезексиз жыйырма жетинчи сессиясынын

**ТОКТОМУ № 27-3**

21.05.2024. Куу-майдан айылы.

**Кеңеш айыл өкмөтүнүн 2025-жылга бюджетинин долбоору
жана 2026-2027-жылдарга карата болжолун кароо жөнүндө.**

Кеңеш айыл өкмөтүнүн 2025-жылга бюджетинин долбоорун, 2026-2027-жылдарга карата болжолун кароо жөнүндөгү маселени угуп жана талкуулап «КыргызРеспубликасынын 2025-жылга республикалык бюджети жана 2026-2027 – жылдарга болжолу жөнүндөгү» Мыйзамынын негизинде иштелип чыгылган долбоор боюнча тиешелүү мекеме-ишканалардын жетекчилеринин катышуусундаФЭБнүн башчысынын жана «бюджет,экономика,муниципалдыкменчик, айыл чарбасы, инвестиция,ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш” боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Кубанычбек уулу Мурасбектин билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексинин 8-главанын 44-беренесинин 4-пунктуна жана 16-главасынын 78-беренесинин 2,3-пункттарына жана Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123-мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2-пунктунун 2-пунктчасына ылайык Кеңеш айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл өкмөтүнүн 2025-жылга бюджетинин долбоорун жана 2026-2027-жылдарга карата болжолу жактырылсын жана тиркемеге ылайык бекитилсин .(№ 1-тиркеме тиркелет)

2. Токтомду аткарууга алуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысына жана ФЭБнүн башчысына милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу жагы депутаттардын Кеңеш айылдык кеңешинин бюджет,экономика,муниципалдык менчик, айыл чарбасы,инвестиция,ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Кубанычбек уулу Мурасбекке тапшырылсын.

**Кеңеш айылдык
кеңешинин төрагасы** **О.С.Абдырахманов**

Депутаттардын Кеңеш айылдык кенешинин
(7-чакырылышы) кезексиз 27-сессиясынын
№ 27-3- токтомуна № 1- тиркеме

Кеңеш айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин 2025-жылга долбоорунун суммасы жана 2026-2027- жылдарга божомолу.

| киреше коду | Кирешелердин аталыштары | 2025-жылга долбоору | 2026-жылга болжолу | 2027-жылга болжолу |
|---|---|---|---|---|
| I | Кирешелер | | | |
| II | Жергиликтуу кирешелер | 16574,4 | 17378,5 | 17539,5 |
| III | Салык кирешелери | 11774,4 | 12524,5 | 12620,5 |
| 11111100 | Салык аген-ги төлөгөн киреше | 9579,0 | 9579,0 | 9650,0 |
| 11122 | Патенттөө негизиндеги салык | 480,0 | 480,0 | 480,0 |
| 11122100 | Милдеттүү патент салыгы | - | - | - |
| 11122200 | Ыктыярдуу патент салыгы | 480,0 | 480,0 | 480,0 |
| 113 | Менчикке салык | 1140,0 | 1140,0 | 1140,0 |
| 11311 | Кыймылсыз мүлк салыгы | 90,0 | 90,0 | 90,0 |
| 11311200 | Иш-аракет жүрг. мүлккө салык | 90,0 | 90,0 | 90,0 |
| 11312 | Кыймылдуу мүлк салыгы | 1050,0 | 1050,0 | 1050,0 |
| 113121 | Жеке адам-н транспорт салыгы | 1050,0 | 1050,0 | 1050,0 |
| 11321 | Жер салыгы | 575,4 | 1325,5 | 1350,5 |
| 11321100 | Физик-к тараптын жер салыгы | 375,0 | 375,0 | 400,0 |
| 11321200 | Айыл чарба багыттын жер салыгы | 0 | 750,1 | 750,1 |
| 11321300 | А/чарба эмес багыттын жер салыгы | 200,4 | 200,4 | 200,4 |
| **14** | **Салык эмес жыйымдар** | **4800,0** | **4854,0** | **4919,0** |
| 141521110 | Ижара төлөмү | 1589,0 | 1589,0 | 1654,0 |
| 14151200 | Кен байлыкка лицензия кармоо | 25,0 | 25,0 | 25,0 |
| 14152100 | Калктуу конуш-н жер акы | 204,0 | 204,0 | 204,0 |
| 14152200 | Жайыт пйдалануу учун акы | 400,0 | 400,0 | 450,0 |
| 14152600 | КБФнын жеринин ижара акы | 900,0 | 900,0 | 900,0 |
| **14221** | **Жыйымдар жана төлөмдөр** | **3271,0** | **3325,0** | **3340** |
| 14211200 | Мун-к менчиктин ижара акысы | 60,0 | 60,0 | 75,0 |
| 14224200 | Таштанды төлөмү | 261,0 | 265,0 | 265,0 |
| 1423 | Кызмат кылуудан түшкөн төлөм | 2950,0 | 3000,0 | 3000,0 |

Кеңеш айылдык кеңешинин
жооптуу катчысы Шадыбекова А.П

Кеңеш айылдык кеңешинин (7-чакырылышы)
кезексиз жыйырма жетинчи сессиясынын

**ТОКТОМУ № 27-4**

21.05.2024. Куу-майдан айылы.

**Кеңеш айыл аймагындагы мекеме-ишканалардын керектөөчү электр энергиясы үчүн чыгымдарды республикалык бюджеттен каржылоо жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 11-март 2022-жылдагы "Жергиликтүү бюджеттеринде каржылоодо турган мекемелердин керектөөчү электр энергиясы үчүн чыгымдарын республикалык бюджеттен каржылоо" жөнүндөгү жобону бекитүү боюнча № 126-токтомун угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү" 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123-мыйзамынын 3-бөлүмүнүн 34-беренесинин 2-пунктунун 8-пунктчасына таянып Кеңеш айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл аймагындагы мекеме-ишканалардын керектөөчү электр энергиясынын лимити 644,200 киловатка бекитилсин.

2. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу айыл өкмөтүнүн башчысына жана ФЭБнүн башчысына милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу жагы депутаттардын Кеңеш айылдык кеңешинин бюджет,экономика,муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Кубанычбек уулу Мурасбекке тапшырылсын.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **О.С.Абдырахманов**